


“Кыргыз тили кылымдарды карыткан, эч ким аны очvро албайт тарыхтан” - деп Байдылда Сарногоев жон айтып кеткен эмес. Кыргыз тилин барктоо, аны жайылтуу азыркы кыргыз жаштарынын колунда. Айтайын дегеним, ааламдашуу деп жатып, коп жаштарыбыз адашып, эне тилин башка чет  тилдерге алмаштырып жиберип жатышат. Канча тил билсен, ошончо эл билесин, - деген да жакшы кеп бар. Бирок, биз муну менен оз тилибизди унутуп калбашыбыз керек да! Кыргыз тили мамлекеттик тил болуп кабыл алынганына 24 жыл гана болсо дагы, биз эне тилибиздин тээ илгертен эле келген байыркы тилдерден экенин эстен чыгарбашыбыз керек. “Эртен тилин жок болот десе, бvгvн олvvго даярмын” - деген Дагестан жазуучусу Расул Гамзатовдун учкул созvн унутпасак. Улуулар калтырып кеткен ар бир созго терен маани берип, жон гана кулак тошоп отурбастан аны аткарууга умтула берсек биз кыргыз тилин дvйно элине жайылта алабыз.

Ар жыл сайын мамлекеттик кызматкерлер иш кагаздарын кыргыз тилинде жvргvзсvн деген Окмоттvн Буйруктары келет. Бирок, толук кыргызчалап буто албай убарабыз. Мындан улам, Кыргыз Республикасынын ИИМдин милициянын генерал-майору Эргеш Алиев атындагы Академиясынын Тилге даярдык кафедрасынын Кыргыз тили секциясы женди тvрvп катуу киришип жатышат. Быйылкы Кыргыз тили кvнvно карата атайы иш пландарды тvзvшvп, ал турсун “Манасчылар” ийримин ачууга жетишишти. Албетте буга кафедранын доценти, милициянын полковниги Чынаргvл Кадырованын салымы чон экенин айтып кетпесек болбойт. Чынаргул Абдулажановна тортvнчу классынан тартып эле “Манас” эпосунан vзvндvлордv айтып, “Каныкейдин Тайторуну чабышы” менен республикалык кароо-сынактарды женип келгенин билебиз.

Улуу мурасыбыз болгон “Манас” эпосун жон эле айтып тим калбастан, ага изилдоолордv жvргvзvп, илимий иштерин жазган. Кичvvлорго мурас калтырууну, адеп-ахлакка тарбиялаганды, ата-салтын ыйык туткан эжебиз, курсанттар менен дайыма тыгыз байланышып, аларга чыныгы кыргыздын уул-кыздары кандай болгонун

тажабастан айтып, айрым дарстарында “Манас” эпосунан vзvндv айтып берип жvргон. Эми болсо минтип атайы ийрим ачылып, курсанттар менен иштоо дагы да курчуп, эмитен эле жигердvv жыйынтыктарды бере баштады. Тактоо vчvн айтсак, отуздан ашуун курсант балдар Манасты токконго vйронvп калышса, кыздар  Каныкейдин кошогун обонго салып айтып калышты.

Бул бир эле ИИМдин Академиясынын жемиши эмес,  жалпы ички иштер органдарынын, ал турсун  бvтvндой кыргыз журтунун жетишкендиги.

“Манас” айтууну же эпосту окуп чыгуу, бул адабиятчыларга гана тиешелvv иш десек биз жанылабыз. Анткени “Манас” эпосун окуп чыксаныз, андагы кыргыздын армиясынын кvчтvvлvгvн, ошондо эле биздин ата-бабаларыбыз отузга жакын ок чыгаруучу мылтыктардын тvрvн колдонгонун, ал турсун эпостон “vн чыкпас мылтык” (азыркы глушителдvv, киллер колдонгон) деген аталышты кезиктиресиз. Дvйно жvзvндо эпостордун океаны аталган, коломv, мазмуну, баалуулугу, коoздугу, тарбиялык мааниси жана башка касиет-сапаттары боюнча дагы 1-орунду ээлеген “Манас” эпосунан курсанттар тарых, психология, криминалистика, соттук экспертиза, демократиялык чечим кабыл алуу, хаос, укук, vрп-адат, салт, согуштук онор, аскердик жана кvжvрмон даярдыкка жана башка чети оюлбаган каада-салт, vрп-адат, дvйно таанымдарга чейин тvшvнvп билип жатышат.

Мындай дарстарга Академиянын курсанттары гана эмес башка дагы, милиция кызматкерлери катышып, билип алса ашыкча болбос эле! Андыктан ийрим кvчтонvп иштеп турганда келип, каалоочулар, билимин, аны менен бирге кесиптик тажрыйбасын байытып алышса болот.

Бул кыргыз тилин онvктvрvvгo корvлvп жаткан иш-чаралардын бир гана чети десек болот. Андыктан жалпыбыз жапа тырмак киришип, мамлекеттик тилибизди онvктvрvvгo салымыбызды кошолу.

ИИМдин Академиясынын басма-соз кызматы

